| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ**<br>**КЕҢ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КЕН-ТАЛААСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# Кең-Талаа айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын
# № 8 Т О К Т О М У

**Бешкент айылы** **21-январь 2025-жыл**

**Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылга туруктуу өнүктүрүү программасынын түзүлгөн иш -чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылга туруктуу өнүктүрүү программасынын түзүлгөн иш- чарасы боюнча Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Джумабаевдин жана айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясын 2025-жылдын 20-январындагы отурумунун протоколун угуп жана талкуулап Кең-Талаа айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата түзүлгөн туруктуу өнүктүрүү программасынын иш –чарасы тиркемеге №1 ылайык бекитилсин; (тиркеме тиркелет№1).
2. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн туруктуу өнүктүрүү программасынын 2025-жылдагы 44 иш-чараларын аткаруу боюнча айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлерине, айыл башчыларына ,тийиштүү мекеме-уюмдардын жетекчилерине милдеттендирилсин.
3. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн туруктуу өнүктүрүү программасынын 2025-жылга карата түзүлгөн №1 тиркемеге ылайык 44 иш-чараларын аткарылышы боюнча айыл өкмөтү жыл ичинде эки жолу отчет берүүсү белгиленсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Жумабайев.**